| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНЕ КАРАШТУУ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН СОЦИАЛДЫК ФОНДУ** | | **СОЦИАЛЬНЫЙ ФОНД КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ ПРИ КАБИНЕТЕ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ** |

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

18.09.23 № 206

Бишкек ш.
г. Бишкек

## Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунда мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча иш-чаралар планын бекитүү жөнүндө

«Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамын аткаруу максатында,

**БУЙРУК КЫЛАМ:**

1. Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунда мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча тиркелген иш-чаралар планы бекитилсин.
2. Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2022-жылдын 7-сентябрындагы № 252 «Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунда мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча иш-чаралар планын бекитүү жөнүндө» буйругу күчүн жоготту деп таанылсын.
3. Иш кагаздарын жүргүзүү жана электрондук документ жүгүртүү бөлүмү бул буйрукту аткаруу үчүн борбордук аппараттын түзүмдүк бөлүмдөрүнө, ведомстволук мекемелерине жана региондук башкармалыктарына жеткирсин.
4. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун төрагасынын орун басары У. Жума уулуна жүктөлсүн.

**Төрага** **Б.Дж. Алиев**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Кыргыз Республикасынын
Социалдык фондунун
2023-жылдын «18» 09
№206 буйругу менен бекитилди

**Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунда мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча**
**ИШ-ЧАРАЛАР ПЛАНЫ**

| № | Милдеттер | Күтүлүүчү натыйжалар | Жооптуу аткаруучулар | Мөөнөтү (жыл) |
|---|---|---|---|---|
| 1 | «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамын аткаруу боюнча зарыл чараларды көрүү | «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамынын аткарылышын камсыз кылуу | Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун борбордук аппараттын түзүмдүк бөлүмдөрү, ведомстволук мекемелери жана региондук башкармалыктары | Дайыма |
| 2 | Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун ички (локалдык) ченемдик укуктук актыларын «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамынын талаптарына ылайык инвентаризациялоо | Ички ченемдик укуктук актыларды «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамына шайкеш келтирүү | Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун борбордук аппараттын тийиштүү түзүмдүк бөлүмдөрү, ведомстволук мекемелер | декабрь |
| 3 | Социалдык фонддун кызматкерлеринин мамлекеттик тилди билүү деңгээлин аныктоо үчүн “Кыргызтест” аркылуу тестирлөөдөн өткөрүү иштерин уюштуруу | Социалдык фонддун кызматкерлеринин мамлекеттик тилди билүү деңгээлин аныктоо | Мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана лингвистикалык экспертиза жүргүзүү сектору, региондук башкармалыктар, Адам ресурстары менен иш алып баруу бөлүмү | Дайыма |
| 4 | Иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүү боюнча окуу курстарын уюштуруу | Иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүү | Мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана лингвистикалык экспертиза жүргүзүү сектору, «Окуу борбору» мекемеси | Дайыма |
| 5 | Социалдык фонддун жарнамаларын, кулактандырууларын жана башка көрүнөө маалыматтарын мамлекеттик тилде жол-жоболоштуруу | Социалдык фонддун жарнамаларын, кулактандырууларын жана башка көрүнөө маалыматтарынын мамлекеттик тилде даярдалышы, | Мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана лингвистикалык экспертиза жүргүзүү сектору, Ведомстволук | дайыма |

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | сапаттарынын жогорулашы | мекемелер, региондук башкармалыктар | |
| **6** | Мамлекеттик тил күнүнө карата «Кыргыз тили – кыргыз элинин көөнөрбөс мурасы» көркөм окуу сынагын уюштуруу | Акындарыбыздын тил жөнүндө ой-толгоолорун баяндаган ыр саптарын көркөм окуу менен видео-түрмөктөр | Мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана лингвистикалык экспертиза жүргүзүү сектору, Ведомстволук мекемелер, региондук башкармалыктар | Сентябрь 2023-ж. |
| **7** | Мамлекеттик тил күнүнө карата салтанаттуу иш-чара уюштуруу | Мамлекеттик тилдин өнүгүүсүн, колдонулушун арттыруу | Мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана лингвистикалык экспертиза жүргүзүү сектору, Ведомстволук мекемелер, региондук башкармалыктар | Сентябрь |
| **8** | Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун расмий сайтына “Мамлекеттик тил” бөлүмүн ачуу | Мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча аткарылган иштерди жайылтуу | Пресс-катчы жана Мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана лингвистикалык экспертиза жүргүзүү сектору | Декабрь 2023-ж. |
| **9** | Эл аралык эне тил күнүнө карата иш-чара уюштуруу | Кызматкерлерге элибиздин тарыхын, тилин, философиясын, этнографиясын таанытуу | Мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана лингвистикалык экспертиза жүргүзүү сектору, Ведомстволук мекемелер, региондук башкармалыктар | Февраль |
| **10** | Ички ченемдик укуктук актылардын долбоорлоруна лингвистикалык экспертиза жүргүзүү | ченемдик укуктук актылардын сапатын жакшыртуу | Мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана лингвистикалык экспертиза жүргүзүү сектору, Ведомстволук мекемелер, региондук башкармалыктар | дайыма |
| **11** | Кызматкерлер үчүн кыргыз тилинин жазуу эрежелери боюнча окуу материалдарын даярдоо | Окуу материалдары презентациялар | Мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана лингвистикалык экспертиза жүргүзүү сектору | дайыма |
| **12** | Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу жана пенсиялык камсыздоо чөйрөсүндө колдонулуучу терминдердин орусча - кыргызча сөздүгүн топтоо | Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу жана пенсиялык камсыздоо чөйрөсүндө колдонулуучу терминдердин орусча - кыргызча сөздүгү | Мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана лингвистикалык экспертиза жүргүзүү сектору, Борбордук аппараттын түзүмдүк бөлүмдөрү | декабрь 2023-ж. |

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

**Макулдашылды:**

| | |
|---|---|
| Төраганын орун басары | У. Жума уулу |
| Аппарат жетекчиси | Б. Бообеков |
| «Окуу борбору» мекемесинин директору | К. Нусупбеков |
| Юридикалык башкармалыктын башчысы | Ш. Халимов |
| Адам ресурстары менен иш алып баруу бөлүмүнүн башчысы | А. Орозова |
| Маалыматтарды контролдоо жана топтоо бөлүмүнүн башчысы | У. Токторбаев |
| Мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана лингвистикалык экспертиза жүргүзүү секторунун башчысы | Т. Ниязакунов |